# Аруулугуңду сакта

Ыйык Китепте: «Бузуктуктан алыс болгула»,— деп айтылат (1 Тесалоникалыктар 4:3). Ой жүгүртүп, Кудайдын мыйзамдарына карманyy пайда гана алып келерине болгон ишенимиңди бекемде.




Кудайдын мыйзамдары чектейби?

Кудай никеге тура электерге рахат тартуулаган нерселерди кылууга эмне үчүн тыюу салат?




Төмөнкү жагдайларды элестетип көр:

1-ЖАГДАЙ
**СЕЗИМ**

2-ЖАГДАЙ
**КЫСЫМ**

3-ЖАГДАЙ
**МҮМКҮНЧҮЛҮК**

4-ЖАГДАЙ
**НАТЫЙЖАСЫ**

Никеге тура электе жыныстык катнашка барган жаштардын көбү кийин өкүнөт. **Эмне үчүн деп ойлойсуң?**

______________________________

______________________________

Кыздардын көбү аны колдонуп таштап коё турган эмес, коргой турган балдарды жактырат. Ал эми балдардын көбү жеңил ойлуу кыздарды жактырбайт. **Эмне үчүн деп ойлойсуң?**

______________________________

______________________________



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

# ТЕРЕҢ ОЙЛОН!

Суроолорго жооп бер.



1-ЖАГДАЙ

## СЕЗИМ

Жыныстык каалоолорду эмне үчүн дайыма эле «душман» көрбөш керек? (Оку: **Накыл сөздөр 5:18, 19.**)

Жыныстык каалоолоруң жөн эле күчтүү сезим деп ойлойсуңбу? (Андай каалоо дагы эмнелерге түрткү болушу мүмкүн экенин аныкта.)

| | | |
|---|---|---|
| Каалооң пайда болгондо дароо ага жетеленип иш кыласыңбы? | ООБА | ЖОК |
| Жыныстык каалоолоруңду башкара алам деп ойлойсуңбу? | ООБА | ЖОК |

Ал каалоону берген Кудай өзүн кармай билүү сапатын өрчүтүш керектигин да айтат. Бул сенин мындай кылуу колуңан келерине Кудайдын ишенерин кандайча көрсөтүп турат? (Оку: **1 Тесалоникалыктар 4:4.**)

2-ЖАГДАЙ

## КЫСЫМ

Аруулугун сактагандарды эмне үчүн шылдыңдайт деп ойлойсуң?

Жыныстык катнашка барууга теңтуштарың эмне үчүн кысым көрсөтөт деп ойлойсуң?

Кудайдын мыйзамын бузууга кысым көрсөткөндөргө кандай карашың керек? (Оку: **Накыл сөздөр 13:20.**)





3-ЖАГДАЙ

## МҮМКҮНЧҮЛҮК

Никеге тура электе жыныстык катнашка барууга азгырылбаш үчүн кимдерден, кандай жерлерден, кандай жагдайлардан качканың оң?



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

4-ЖАГДАЙ

## НАТЫЙЖАСЫ



Жыныстык катнашка жеңил ойлуу карагандардын адаттары үй-бүлө кургандан кийин эле өзгөрүп кетпейт. Бул бойдок кезинде жыныстык катнашта болуудан качышың керектигин кандайча баса белгилеп турат? **(Оку: Галатиялыктар 6:7, 8.)**

---

Никеге тура электе аруулукту сактоонун кандай пайдалары бар деп ойлойсуң?

---

Теңтуштарыңдын «каалаганыңды кыл» деген көз карашына карманганда көрө, Кудайдын: «Бузуктуктан качкыла»,— деген мыйзамына баш ийсең, бактылуураак болоруңа ишенесиңби? Эгер ошондой болсо, эмне үчүн?

---

## ПЛАН ТҮЗ

1-ЖАГДАЙ:СЕЗИМ
Азгырылып бараткынымды байкасам, мындай кылам:

---

2-ЖАГДАЙ:КЫСЫМ
Аруулукту сактап жүргөнүм үчүн шылдыңдап, жыныстык катнашка барууга кысым көрсөтүшсө, мындай дейм:

---

3-ЖАГДАЙ: МҮМКҮНЧҮЛҮК
Жыныстык катнашка барууга азгырылышым мүмкүн болгон жагдайга кабылсам, мындай кылам:

---

## БУЛ КОЛУҢАН КЕЛЕТ!

Чечкиндүүлүгүңдү азыр бекемдесең, кысым көрсөтүлгөндө да туура иш кыласың!



www.jw.org © 2016 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania